# Жамгыр суусу үчүн упай



Автор: Аида Молдалиева

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Которгон: Талгат Деркембаев

# Жамгыр суусу үчүн упай

Автор: Аида Молдалиева
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жамгыр суусу үчүн упай"(кыргыз тилинде), автор Аида Молдалиева, сүрөтчү Адель Дуйшеева, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



“Окуу жылынын аягында эң мыкты окуучулар Айга учуп кетишет.

Ал эми мыкты бааларды алган окуучулар Марс жана Венера планеталарында боло турган экспедицияларга катышат”.

Ушул телевизиондук жарнамадан кийин, Сапар атасын технологиялык мектеп-интернатка которууну суранды.


Бул роботтоштурулган мектеп болчу. Бардык сабактарды ТТ2062 деп аталган робот өткөрчү. Окуучулар аны экрандан гана көрө алышчу.

Эртең менен окуучулар спорт менен машыгышчу. Түшкө чейин тест тапшырышып, ТТ2062 менен биргеликте маселелерди чыгарышчу.


Бүткөндөн кийин каталардын үстүндө иштешчү. Түштөн кийин окуучулар тапшырмаларын өз алдынча аткарышчу. Мектептеги оңдоо, кайтаруу,  жүктөрдү ташып келүү, тамак-аш даярдоо, бакчаны, чарбакты багуу сыяктуулар  роботтор аткара турган иштер эле.

Окуучулар смарт-сааттарды тагынышчу. Алардын экранынан каттар,  тапшырмалар келип турчу. Сабактын башталышын, бүтүшүн, жадыбалды жана тесттердин жыйынтыгын билип турса болот.

Сапарга бир жумага карата чыгарылган упайлардын суммасы тууралуу келген билдирүү жакпайт. Акыркы кезде анын тартиби боюнча упай аябай төмөндөп кеткен.







Эгер упайлар жогору болсо, окуучу дем алыш кундөрү үйүнө барып келе алат. Төмөн упай алып калса, мектепте кошумча сааттар берилет.

Табель бир эле убакта ата-энелерге да жетет.


Алар упайлар тууралуу билдирүү келгенден кийин Сапарга телефон чалышты.

– Саламатсыңбы, уулум! Ден соолугун жакшыбы? – деп сурады атасы.

– Өзүңүз жакшысызбы? Апам, Асел кандай жүрүшөт? – деп Сапар кайта суроо узатты.

– Бизде баары жакшы. Дем алыш күнү сени үйгө келет деп күткөнбүз. Ишемби күнү карындашыңдын туулган күнү. Аселди аттракционго алып баралы дегенбиз. Биз менен бара албаганың өтө өкүнүчтүү, – деди атасы.

– Уулум, биз сени аябай сагындык. Дем алыш күнү чоң энең да келет. Сенин келбегенинди угуп капа болот го... – деди апасы телефонду алып.



Ишемби күнү интернатта тамак Сапар жана досу Эрмек үчүн эле берилди.

Бермет, Азиз жана Ирина жума күнү эле үйлөрүнө кетишкен.

Сапар менен Эрмекке коридордон чуркаганы үчүн ишемби күнгө дене тарбиядан кошумча сабак коюп коюшкан. Алар 100 жана 500 метрди убакытка чуркашмак. Андан соң стадионду эки жолу айланмак.

Эрмек мындан башка бир канча сабактан начар баа алган эле.

Сапар бөлмөсүндө табелин карап отурган. Бул жумада математикадан 4, адабияттан 3, имараттын ичинде тартип бузганы үчүн минус 10 упай, жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдаланганы үчүн 2 упай алган.



Акыркы пункт анын табелинде биринчи жолу пайда болуптур.

Сапар “деталдар” деген шилтемени ачты. Ал жерде Сапардын ичилбей калган бөтөлкөдөгү суусун гүлгө куюп жаткан сүрөтү бар экен.

“Тартип бузуу” деген жерде Сапардын оозун ачып алып чуркап бараткан сүрөтү тиркелиптир.

Бул анын “Бееер!” деп ачууланып кыйкырган сүрөтү экен. Сапар аны адилетсиз жазалап коюшканына ачууланды. Ошондо Эрмек мунун дептерин столдун үстүнөн алып, класстан чыга качпады беле. Сапар анын артынан дептерин алуу үчүн эле жүгүргөн. “Класста камера бар го. Ошол жерден карашып, ким күнөлүү, ким күнөөсүз экенин териштиришпейби”, – деп бала ой жүгүрттү. Бирок бул автоматтар тыюу салынган же мактай турган видео тартканды, упайларды эсептегенди, айып берүүнү же сыйлаганды эле билишет да. Андан башка эмнени билмек эле.

Мына, азыр ага стадиондо коридорго караганда жай чуркагандыгы жөнүндө билдирүү келди. Стадиондо ал Эрмектин артынан чуркаган жок да.



Сапар терезеден көчөнү капалуу карап турган. Ал Эрмектин кантип кирип келгенин байкабай калды.

– Эмне жөнүндө ойлонуп жатасың? – деп сурады Эрмек.

– Традесканция деген гүлдү сугарганым үчүн 2 упай кошушуптур. Эгер мен аны күндө сугарсам, бүгүн карындашымдын туулган күнүн белгилеп отурмак экем.

Азыр атам, апам, Асел үчөө аттракционго барып келишет. Анан манты түйүшөт. Кечинде үйгө коноктор келет. Эртең чоң энем келет. Үйдө жүргөнгө эч нерсе жетпейт го...

Дем алыш күнү сабактар болгон жок. Жаан жаады. Ошондуктан Сапар компьютердик класска ойногону кирди.

Түштөн кийин, Эрмек Сапарды кырк жыл мектепте колдонулбаган эски буюмдар: тамга илген саат, кутулар толо бор, слайддар салынуучу диапроектор сакталган жайга ээрчитип барды.

– Атам илгери мугалимдер менен окуучулар чогуу бир класстаболорун айткан, – деди Сапар.


– Бала багуучулардай болуппу? – деп таң калды Эрмек.

– Ар бир сабактарды ар кайсы мугалимдер беришкен. Башталгыч мектепте гана бир мугалим төрт-беш сабакты бере алган.

– Кызык го? Физика сабагын бир робот, математика сабагын бир робот бергендей го. Ал кезде аралыктан окутуу программаларынын стандарттары жок болсо керек, ээ?

– Жок, окуучуларга сабакты тирүү мугалимдер беришкен.

– Мына, сага! Ар бир сабакта жаңы жүз, жаңы үн, – деп таң калды Эрмек.




– Бул жерге сугара турган сууну сактайбыз. Бул жаандын суусу.

Мен чакаларды атайын сыртка коюп койгом, – деди ал досуна эки чака сууну көрсөтүп.

– Биз сууну анализден өткөрүшүбүз керек. Балким, коргошун же башка булгоочу заттар абадан сууга кошулуп кетиши мүмкүн, – деп Сапар күмөн санады.

– Эрежелер жамгыр суусун чогултканга уруксат берет.

– Жамгыр суусундагы коркунучтуу кислотанын деңгээли тууралуу эскертип коюшса, ээ.





Ашканага деле ачык асман астында өскөн жер-жемиштерди алып келип жатышпайбы. Биз традесканция жебейбиз го.

Эч ким ууланбайт.

– Менде бош бөтөлкөлөр бар. Биз традесканцияны чакадан эмес, бөтөлкө менен сугарабыз, – деп деди Сапар.

Кийинки жумада Сапар табелден “тартип бузуулар” деген пунктту байкаган жок. Ал эми жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдаланды деген бөлүмгө 10 упай кошулганын көрдү.

Ира менен Сапар мектеп автобусунун жанында турушкан. Бир маалда Сапар интернаттын терезесинен досун көрдү. Эрмек колун булгалады. Сапар досторун күтө турушун суранып, өзү окуу жайга чуркап кирди.

– Сен эмне үйүңө барбайсыңбы? – деди ал.

– Мен сабак окушум керек.

– Гүлгө суу куйганга упай албадың беле?

– Алар сабактын баасын алмаштырбайт да.

Сапар классташтарынын электрондук рейтингин ачып көрдү. Ал жерде Эрмектин табелинде “жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу” деген пункту жок экен.

– Сен деле гүлгө суу куйбадың беле? Жамгыр суусун чогултууну да сен ойлоп таппадың беле, досум!

– Мен сугарган эмесмин. Өткөн жолу карындашыңдын туулган күнүнө менин айыман барбай калгансың. Ошондо мен атайын эле корридордо дем алыш күндөрү жалгыз калбайын деп артыман сени чуркаткан элем. Бирок сенин үйүңдү сагынып, жол карап турганыңды көрдүм.

Көчөдөн Сапарды классташтары чакырып башташты.

– Сени күтүп калышты. Дем алыш күндөрү жамгыр жааса, дагы суу чогултуп коём, – деди Эрмек.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Аида Молдалиева
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли